# Протокол №1

## А. Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектебинин педагогикалык кеңешмесинин көчүрмөсү

10- сентябрь 2021-жыл.

Катышканы : 22

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. 2020 – 2021 – окуу жылында иштелген иштин анализи.
2. 2021-2022-окуу жылына карата иштеле турган планын бекитүү жөнүндө.
3. Класс жетекчилерди,ийрим жетекчилерин дайындоо.
4. Сааттарды бөлүштүрүү жөнүндө
5. Ар кандай маселелер

**Кеңешменин жүрүшү:**

Мектептин директору кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.
**Биринчи маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Сатаркуловага сөз берилди.**

**Угулду :**
2020- 2021-окуу жылына карата пландалган иштер негизинен аткарылды. Жыл башында аталган ачык сабактар боюнча план түзүлгөн. Планга ылайык ар бир предметтик мугалимдер ачык сабакты өтүп беришти. Андан тышкары усулдук бирикмелердин декадалары дагы өз убагында өтүп жатты.кемин райондук билим берүү бөлүмүнөн башталгыч класстарынын окуу техникасынын текшерип, бир катары эскертүүлөр берилди. Окуу жылынын соңунда башталгыч класстын мугалимдери кемчиликтерди оңдоого аракет жасашты. Дагы бир айта кетчү нерсе жалпы мугалимдер текшерүү иштерин алууда билим сапатын чейрек сайын мониторинг түзүп ,текшерип турсаңар.Бааны эч качан жогорулатып , көтөрүп койбогула! Баалоонун критерийин жакшы өздөштүрүү зарыл.

**Сунуш:**

1. Предметтик мугалимдерге жат жазууну , текшерүү иштерди ,тексттик иштерди бат-баттан жаздырып туруу менен окуучулардын билим сапатын жогорулатуу.
2. Окуучулардын кол жазмаларына көңүл буруу. Сабактарга активдүү катыштыруу.

**Экинчи маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Сатаркуловага сөз берилди.**
**Угулду:** урматтуу кесиптештер 2020-2021-окуу жылында бир катар иш чараларды өткөрдүк. Албетте иштин баары сиздердин көрсөткөн иштериңер боюнча ишке ашты. Ачык сабактар оз убагында өтүлүп жатты. Бир гана 8-а классынын класс жетекчиси Омуралиева Ж. өткөн жок. Баардык класс жетекчилер берилген буйруктун негизинде тапшырмаларды так жана жоопкерчиликтүү аткарып жатты.Т. Усубалиевдин 100 жылдыгына жана 5- март "Ак калпак" күнүнө карата кече уюштурулду. Улуу Ата

мекендик согуш күнүно карата онлайн сынактарга карата мектеп окуу чулары дагы активдүү катышышты.

**Жарыш сөздөр :** Усулдук кеңештин жетекчиси  Осмоналиева А.А. сөз берилди. Кесиптештер баардыгыңыздарды  жаңы окуу жылыңыздар менен куттуктайм.  2020-2021- окуу жылында жаны окуу стандартын киргизилген. Ошондуктан быйылкы окуу жылында аткарылбай калган иштерди толук аткаралы., онлайн сабактарды ар кандай булактардан маалымат алып өтөлү. Айрыкча класс жетекчилер окуучулардын  сабакка катышуусун көзөмөлгө алалы.

Жаңы план тааныштырылды.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим:**

1. 2021-2022- окуу жылына иштеле турган иштин планы бекитилсин.
2. Өткөн окуу жылында план менен өз убагында ишин аткарбаган класс жетекчи Сыдыкова С.М.  эскертүү берилсин.
3. Шыктуу балдар менен иштөө ар бир предметтик мугалимге милдеттендирилсин.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Г.А.Сатаркуловага  жүктөлсүн.

**Каралуучу экинчи   маселе боюнча мектептин  директоруна  сөз берилди.**

**Угулду :** КР билим берүү жана илим министрлигинин базистик окуу планын бекитүү жөнүндөгү № 475/1 2020-жылдын 18-июнундагы буйругун тааныштырды. : (түшүндүрмө кат).
Сабактар 2022-жылдын  9-июнда  аяктайт. Окуу жылынын созулушу , каникулдарды эсепке албаганда, төмөндөгүдөй болот.
1-чейрек  15 – сентябрдан  5-ноябрга чейин ,38-күн окуу күнү.

**2-чейрек 15-ноябрдан 31-декабрга чейин,35 окуу күнү.**

**3-чейрек 11-январдан 18- мартка чейин,47 окуу күн.**

**4-чейрек 28-марттан 8-июнга чейин 50 окуу күнү.**

**Жалпы окуу күнү -170 күн.**

**Акыркы конгуроо 9-июнь.**

**Каникулдун графиги :**

Күзгү – 8 күн: 2021-жылдын 2-9 – ноябры .  Окуу  10-ноябрь башталат.
Кышкы 12 күн: 2021-31-декабрынан 2021-жылдын 11-январына чейин. Окуу 12 – январда башталат.
Жазгы 10 күн: 21-30-мартка чейин. Окуу 31- апрелде башталат.

**УБ нын жетекчилери:**

Сатаркулова Г.А. - усулдук кеңештин жетекчиси.

Осмоналиева А.А. – тилчилер усулдук бирикмесинин жетекчиси

Казакова А.З. – химия ,биология,тарых,адам коом,география

Сыдыгалиева Н.Б. – дене тарбия, сүрөт, чийүү, музыка.

Омуралиева Н.Б. – математика,физика,информатика.

Кожобаева К.А. – башталгыч класс

**Тарификация түзүү боюнча комиссиянын курамы:**

А.Т.Мамункулова

Г.А. Сатаркулова

Н.Б.Сыдыгалиева Н.Б.

**Эмгек стажын текшерүүчү комиссиянын курамы:**

Г.Б.Калыкова

Г.А Сатаркулова

З.М.Бейшекеева

Н.Б.Сыдыгалиева

Р.Б.Сулейманова

**Өзгөчө шартта иштеген жумушунун эмгек акысын төлөө жөнүндөгү токтомдун негизинде токтомдун негизинде төмөнкүдой комиссиянын курамы:**

Калыкова Г.Б.

Сулейманова Р.Б.

Бейшекеева З.М.

Кызыктыруучу фонддон табель түзгөндүгү үчүн 3 ай сайын стим фондтон төлөө сунуштары кабыл алынды. Эксперттик комиссия сунушталды жана кабыл алынды.

**Мугалимдердин саатттык жүктөмү төмөнкүдөй сунушталды:**

1. Мамункулова А.Т - 12
2. Сатаркулова Г.А -18
3. Сыдыгалиева Н.Б. -19
4. БейшекееваЗ.М. -20
5. Болотбеков .Н.Н. -6
6. Джумаева А.А. -17
7. Жаныбек к.А. -17
8. Жолдош у.Д. -12
9. Исахметова А.Л.- 29
10. Казакова А.А.– 20
11. Калыкова Г.Б. – 18
12. Капар к.А – 30
13. Карбозова А.А -18
14. Кожобаева К.А.-17
15. Кошоев А.А.– 25
16. Кененбаева А.А.-23
17. Осмоналиева А.А.-20
18. Омуралиева Ж.А.-25
19. Сапаркулова Д.С. -20
20. Самтурова К.С. -22
21. Сулейманова Р.Б – 20
22. Сыдыкова С.М.17 – 18

23.Калыгылова Э.Т.-480с

**Класс жетекчилердин секциясы :**

1-4-класстарга : Калыкова Г.Б.
5-8-класстарга : Омуралиева Дж.А.
9-11-класстарга : Осмоналиева А.А.

**Балдар совети:** Асанбеков А.А.
Медетканов Р.А.

**Кыздар совети:** Сабыркулова А.Т.
Алтынбекова А.А.

Кенешме чечим кылат.

**Чечим:**

1. Жогоруда сунушталган мугалимдердин сааттык жүктөмү бекитилсин.
2. УБнын жетекчилери кружоктун , балдар советинин, кыздар советинин, класс жетекчилер бекитилсин.
3. Кызыктыруучу фонддон табель түзгөн Г.А.Сатаркуловага 500 сомдон төлөнүп берилсин.
4. Тарификация түзүү боюнча комиссиянын курамы , эмгек стажын текшерүү комиссиянын курамы бекитилсин.
5. Эксперттик комиссия профком, усулдук кеңештин мүчөлөрү түзүлсүн.

**Каралуучу 3-4-маселе боюнча мектеп директору билдирүү жасады :**

**Угулду :**Бүтүрүүчүлөрдүн эмгекке жайгашуусу окулду. (тиркелет)
**Жалпы Республикалык тесттин жыйынтыгы:**

Жалпы : окуучу катышты.

Жогорку балл – 141
Төмөнкү балл- 47
110 баллдан жогору – 5 окуучу

**Билим сапаты :**
Жалпы орточо балл - 105

**Жарыш сөздөр :**

Сулейманова Р.Б.- быйылкы 10-б классында зээндүү окуучулар көп . Предметтик мугалимдер окуучулар менен жакшылап иштегиле.

**Каралуучу ар кандай маселер боюнча А.Т.Мамункуловага сөз берилди:**

**Угулду :**урматту кесиптештер быйылкы окуу жылында биздин мектепте бир катар өзгөрүүлөр орун алууда. Мектептин буйругу менен тарбия иштери боюнча директордун орун басарлыгына Н.Б.Сыдыгалиева дайындалды. Ишине ийгилик каалап кетели.

**Жарыш сөз :**Сатаркулова Г. : Ишиңерге ылайык, мектептин атын чыгарган жетекчилерден болгула !

Сапаркулова Д.: Бейшекеева З , Г.Сулейманова сиздер менен бир нече жыл иштедик, силерге терең ыраазыбыз. Жаңы жетекчилерге ийгилик , ден соолук каалайм.

Мектеп директору: А.Т.Мамункулова сөз берилди.

Угулду : Урматтуу кесиптештер!Мен сиздер менен чогу иштешкениме абдан кубанычтамын. Мындан ары дагы чогу ынтымакта ,биримдикте иш алып барабыз деп терең ишенем. Мектепте өткөрүлүүчү жалпы ата-энелер чогулушунун жобосу менен тааныштыра кетсем. Жобо окулду.(Тиркелет) Ушул жобону жаңы окуу жылы менен кабыл алуу сунушу киргизилди. Кеңешменин мүчөлөрү бир добуштан колдоп берди.

Каралган 3-4-маселе боюнча кеңешме чечим кылат:

**Чечим:**

1. Жалпы предметтик мугалимдер тест менен үзгүлтүксүз иштөөнү колго алсын.
2. Зээндүү балдар менен иштеп олимпиададан Ж.Р.Тдан жогорку денгээлдеги орундарга жеткирүү мугалимдерге милдеттендирилсин.
3. Жалпы ата-энелер чогулушунун жобосу кабыл алынсын

**Мектеп директору: _______________ А.Т.Мамункулова**

**Катчы : ___________ А.Л.Исахметова**

**Протокол №2**

**А.Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектебинин педагогикалык кеңешмесинин көчүрмөсү**

**12- ноябрь 2021-жыл.**

Катышканы : 22

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. I-чейректин жыйынтыгы.
2. Сезимтал балдар менен иш алып баруу жөнүндө.
3. Окуучуларды олимпиадага даярдоо жөнүндө.
4. Мугалимдер тарабынан 5-класстын окуучуларына бирдей талап коюу, окуучулардын көндүмү.
5. Аккредитацияга даярдоо комиссия курамын түзүү

**Кеңешменин жүрүшү:**

Мектептин директору педагогикалык кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

**Биринчи маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сатаркулова Г.А сөз берилди.**

**Угулду :** Саламатсыздарбы? Окуу тарбия иштери боюнча 1-чейрекке карата аткарылган иштин маалыматын берип кетсем.2021-2022-окуу жылынын 5- сентябрына чейин келген, кеткен окуучулардын саны такталып А.Бакаев орто мектебинде бардыгы 239 окуучу кирген алардын 1 кыз балдар ,110 эркек балдар. 0-класска бардыгы 20 окуучу кирип окуп жатат. 1-4 класстарда бардыгы 105 окуучу , 5-9 класстарда 99 окуучу, ал эми 10-11 класстарда 15 окуучу.Сентябрь айында старттык текшерүү иштер онлайн алынган. Жыйынтыгы: жетишүүсү 90 % , билим сапаты 54% түздү.Чейрек ичинде мектептен башка мектептерге кеткендер бардыгы 7 окуучу кетти .ал эми башка мектептерден 5 окуучу келди.Чейрек аягында окуучулардын саны 230 , анын ичинен 122 кыз, 118 окуучу эркек. 10окуучу “эң жакшы” деген баа менен ал эми 30 окуучу “жакшы” деген баа менен аяктады. Жыйынтыгында жетүшүүсү 100% ,билим сапаты 30% түздү.

Маалымдама окулду (тиркелет).

**Сунуш :**

1. 1-чейректе кетирилген кемчиликтер оңдолуп, аткарылбай калган иштер 2-чейректе ишке ашсын.
2. Окуучулардын сабакка катышуусу кл жет тарабынан көзөмөлдөнсүн.
3. Электрондук күндөлүк менен иштөө 100 пайыз колго алынсын.
4. Класстык журналды толтурууда инструкцияны колдонуңуздар.
5. Предметтик мугалимдер бааны жогорулатпай коюшсун.

6. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча билим сапаты төмөндөп кеткен класстар менен ар бир предметник иш алып барсын.
   Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат

**Чечим:**

1. 2021-2022-окуу жылына карата аткарылган окуу тарбия иштери боюнча иштер канааттандырарлык деп табылсын.
2. Электрондук жана класстык журналды толтуруу , бааларды өз убагында коюу жагы ар бир предметтик мугалимге жүктөлсүн.
3. Текшерүү иштерин алууда бааны жогорулатпай, окуучунун билимин туура баалоо . Чечимди көзөмөлдөө окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сатаркулова Г.А жүктөлсүн.

**Каралуучу 2-маселе боюнча социалдык педагог З.М.Бейшекеевага берилди.**

**Угулду :**

Окуу жылынын башында эле катталган окуучулар тактаалып тизмеси түзүлдү.Маалымдама окулду (тиркелет)

**Жарыш сөзгө:** балдар кенешинин жетекчиси : Жолдош уулу Данат

Урматтуу кесиптештер, сабакка көбүнчө ушул топко кирген окуучулар катышпай жатат. Мен класс жетекчилер менен бирге иш жүргүзүп жатам. Тарбияга оор болгон балдардын өзү менен да маектештик. Ата –энелерине да кайрылдык.

Калыколва Г.Б.мен дагы бул пикирге кошулам. Себеби мектепте окуп жүрүп эле , үйдо отуруп калганда окуучулар стресс алып жатат. Ошондуктан бул окуучуларга өзүнчө мамиле жасоо зарыл.

**Сунуш :**

1. Тарбияга оор балдар менен класс жетекчилер , ата-энелер дагы көз салып туруусу зарыл.
2. “Шумкар” тобуна кирген окуучуларды ноябрь айында кыдырып, келишим түзүү кл жет тиешелүү.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим:**

1. Күзгү каникул учурунда “Шумкар” тобуна кирген окуучулардын ата – энеси менен келишим түзүү класс жетекчилерге жана соц педагогко жүктөлсүн.
2. Тарбияга оор балдарга жүрүш-турушун көзөмөлдөө жагы балдар кеңешинин жетекчиси Жолдош уулу Данат, З.М.Бейшекеева менен соц педагогко милдеттендирилсин.

**Каралуучу 3-маселе боюнча Н.Б.Сыдыгалиевага берилди:**

Саламатсыздарбы ? Мамлекет боюнча бардык мекемелеринде 1-4-класстарга ысык тамак уюштурулат. Болуп жаткан кырдаалга байланыштуу азыркы учурда мектепте 1-класстар эле окуп жатат. Ошого байланыштуу шашке тамак 1-класстарга гана уюштурулду. Ата – энелер тарабынан эт алынып берилет. Ашканада техникалык коопсуздук эрежелери сакталат. Маалымдама окулду. ( тиркелет).

**Сунуш:**
1.Окуучулардын тамактануу учурундагы кол аарчысын ата-энелер камсыздасын.

**Жарыш сөзгө:** 1-б классынын кл. жетекчиси : окуу жылында башында эле ата-энелер онлайн чогулуш уюштуруп , эт алып барып беребиз деп убада кылышкан.

Жогорудагы сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

1. Окуучулардын тамактануу учурунда бардык санитардык –гигиенанын эрежелердин сактануусун көзөмөлдөө жагы класс жетекчилерге жүктөлсүн.
2. Шашке тамакты уюштурууда ашканада техникалык – коопсуздук эрежелерин сакталуусун көзөмөлдөө жагы чарба иштери боюнча директорунун орун басары Г.К.Толеевага жүктөлсүн.

**Каралуучу 4-маселе боюнча сөз мектеп директору А.Т.Мамункуловага берилди.**
**Угулду:** Талапка ылайык бир катар жоболорду кабыл алышыбыз керек. Интернет булактарындагы терс таасирин тийгизген маалыматтардан окуучуларды коргоо көйгөйлүү маселелердин бири. Ошондой эле окуучулардын бааларын , тапшырмаларды электрондук күндөлүккө коюуп жатасыздар. Бүгүнкү кеңешмеде төмөнкү жоболорду кабыл алууну сунуштайм:
1. Мектеп ичинде олимпиаданы өткөрүү жобосу
2. Электрондук күндөлүктү колдонуу жобосу
**3.**Окуучулардын ден соолугуна жана өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү интернеттеги маалыматтардан коргоо боюнча жобо
Жоболор менен тааныштырды. (тиркелет)

Жогоруда айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим:**
1. Мектеп ичинде олимпиада өткөрүү жобосу, электрондук күндөлүктү пайдалануу жобосу кабыл алынсын.
2.Окуучулардын ден соолугуна жана өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү интернеттеги маалыматтардан коргоо жобосу кабыл алынсын.

**Каралуучу 5-маселе боюнча сөз   мектеп директору А.Т.Мамункулова  берилди.**

Урматтуу кесиптештер ! Мектептин иш планына коюлган бардык иш-чаралар аткарылып жатат. Бирок жогорудагы маалымдамада  билим сапаты 31% түзүп калыптыр. Бул онлайн окутууда окуучулардын билим сапатынын төмөндүгүн көрсөтүп турат. Былтыркы окуу жылынын жыйынтыгына салыштырмалуу бир топ түшүп кеткен. Алдыбызда эң чоң маселе турат. Окуучуларды олимпиадага даярдоо жана аккредитациядан өтүү.

Аккредитациядан өтүү үчүн комиссия мүчөлөрүнүн курамы, 12-кишиден кем болбоо керек.

Комиссия мүчөлөрүнө,мектептин ШМО жетекчилери жана мектеп директору,директордун орун басары,тарбия завучу, чарба иштери боюнча директордун орун басары,
Ильич айыл өкмөтүнүн башчысы,айылдык кенештин депутаты,мектептин бүтүрүүчүсү болуш керек.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

1. Окуучу жана ата – эне менен келишим түзүү жагын көзөмөлдөө соц педагог З.М.Бейшекеевага  жүктөлсүн.
2. Сезимтал балдар менен иш алып баруу, түзүлгөн график менен даярдоо жагы ар бир предметтик мугалимге милдеттендирилсин.
3. Жарыя иштери боюнча директордун орун басары Н.Б.Сыдыгалиевага жүктөлсүн.
4. Окуучулардын көндүмдөрүнө талап коюлсун.

5.Аккредитацияга комиссия курамын түзүлсүн.

**Мектеп директору :** **А.Т.Мамункулова**

**Катчы :** **К.С.Самтурова**

**Протокол №3**

А.Бакаев атындагы Ильич орто мектебинин педагогикалык кеңешмесинин көчүрмөсү

7-январь.2022-жыл.

Катышканы : 22

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. Биринчи жарым жылдыктын жыйынтыгы.
2. Мектептеги предметтик олимпиаданын жыйынтыгы .
3. Биринчи жарым жылдыкта тарбия иштеринин жыйынтыгы.
4. 9-класста класстык –жалпылоочу көзөмөлдүн жыйынтыгы

**Кеңешменин жүрүшү:**

Мектептин директору педагогикалык кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

**Биринчи маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сатаркулова Г.А сөз берилди.**

**Угулду :** Саламатсыздарбы? Окуу тарбия иштери боюнча 1-чейрекке карата аткарылган иштин маалыматын берип кетсем.2021-2022-окуу жылынын А.Бакаев орто мектебинде бардыгы 239 окуучу кирген . алардын 120 кыз балдар,110 эркек балдар. 0-класска бардыгы 26 бала кирип окуп жатат. 1-4 класстарда бардыгы 100 окуучу , 5-9 класстарда 82 окуучу, ал эми 10-11 класстарда 30 окуучу.

Чейрек ичинде мектептен башка, мектептерге кеткендер бардыгы 5 окуучу кетти .ал эми башка мектептерден 5 окуучу келди.

Чейрек аягында окуучулардын саны 239 , анын ичинен 125 кыз, 114 окуучу эркек.

2021-2022-окуу жылынын 2-чейрегиндеги окутууну 11-ноябрынан 30-декабрга чейин созулду.Ноябрь айында 3 жума өлкөдө кырдаалга байланыштуу санитардык режиминде окутулду. 2-чейректе баа өз убагында коюлган эмес .

Алар: Казакова А, Жолдош уулу Д, Карбозова А .

Ал эми класстык журналды толтурууда Жолдош уулу Данат буга чейин берилген эскертүүлөрдү да толук аткарган эмес. Декадалар өз убагында өтүлдү.

2021-2022-окуу жылынын биринчи жарым жылдыгында А.Бакаев атындагы Ильич орто мектебинде бардыгы 239 окуучу , алардын 125 кыз балддар ,114 эркек балдар.

Чейрек ичинде мектептен башка башка , башка мектептерге кеткендер бардыгы 3 окуучу кетти .ал эми башка мектептерден 5 окуучу келди.

17 окуучу “эң жакшы” деген баа менен ал эми 102 окуучу “жакшы” деген баа менен аяктады.1-чейрекке салыштырмалуу окуучулардын билим деңгээли көтөрүлдү. Жыйынтыгында жетүшүүсү 100% ,билим сапаты 58,% түздү. Маалымдама окулду (тиркелет).

**Сунуш :**

1. Электрондук күндөлүк менен иштөө 100 пайыз колго алынсын.
2. Ар бир мугалим өз жоопкерчилигин сезсин
3. 2-3-4- класстарынын туура эмес аткарылган сааттары оңдолуп ,өтүлсүн.
4. Жарым жылдыгына карата саат жетпей калган мугалимдер , жылдын аягында программага ылайык дал келсин.

**Жарыш сөз:**

А.Т.Мамункулова – кыргыз тили жана адабияты сабагынан эмне себептен мындай жетишпеген сааттар чыгып жатат?
2-б кл жет: Бейшекеева З.М.– август айында өтүлгөн секцияда туура боюнча айтылган . Бирок ушундай эле өтчүбүз.
Сатаркулова Г.А. – силер ошондо окуу программасын аткаруу боюнча бир сабагыңар ашып, бирөө жетпей жатпайбы. Секцияда кандай каралса ошондой иштеш керек. Окуу – тарбия иштерине билдириш керек болчу . өз алдынча чечим кабыл алганыңарды токтоткула.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

1. Ар бир предметтик мугалим электрондук күндөлүктү жана журналды туура , дал келтирип толтуруу милдеттендирилсин.
2. 2-3-4-б кл орус тили ,адабияты сабактарынын прогроммага дал келүүсүн жана туура аткарылышы милдеттендирилсин.
3. Биринчи жарым жылдыкта окуу – тарбия иштери боюнча аткарылган иштер канааттандырарлык деп табылсын.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Г.А .Сатаркуловага жүктөлсүн.

**Каралуучу экинчи маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сатаркулова Г.А сөз берилди.**

Метепте өткөрүлгөн олимпиаданын жыйынтыгы боюнча маалымдаманы окулду (тиркелет).
**Сунуш :**
1.Жогору упай топтогон окуучулар менен иш алып баруу, олимпиадага даярдоо.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

**1.**Алдыңкы орунду ээлеген окуучуларды жогорку деңгээлде даярдоо предметник мугалимдерге милдеттендирилсин.

2.Окуучуларды даярдоодо ар кайсы булактардан материалдарды чогултуп , окуучуларга шарт түзүп берүү жагы ар бир жооптуу мугалимдерге жүктөлсүн.
3.Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Г.А.Сатаркуловага жүктөлсүн.

**Каралуучу үчүнчү маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары Р.Б.Сыдыгалиевага сөз берилди:**

Биринчи жарым жылдыгына аткарган тарбия иштери боюнча маалымдаманы окуду . (маалымдама тиркелет).

**Сунуш :**

1. Атайын конкурска катыша турган окуучуларды тилчилер менен бөлүшүп берилген класс жетекчилер жоопкерчиликтүү даярдоо.
2. Класстык журналды өз убагында толтуруу.
3. Планга коюлган иш – чараларды ачык сабактарды өз убагында толтуруп туруу.
4. Окуучулардын сабакка келүүсүн көзөмөлдөө.
5. Окуу куралдарын китептерин толук алып келүүсүнө талап коюу керек.
6. Класс жетекчилер класстын тазалыгын кароо.
7. График боюнча дежурствону жогорку деңгээлде уюштуруу зарыл.

**Жарыш сөздөр:**

Сапаркулова Д.С.: Олимпиаданын экинчи этабы онлайн болобу?
А.Т.Мамункулова : Кемин районундагы билим берүү бөлүмүнүн буйругун күтөбүз.

Н.Б.Сыдыгалиева: дагы айта кетчү нерсе күнүгө келбеген окуучуларды тактап мага отчёт берип туруңуздар. Мен районго отчёт жиберем.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

1. Ар кандай семинарларга класс жетекчилер, предметтик мугалимдер барып жатат, өз убагында окуучуларды даярдашсын.
2. Тарбиялык журналдар өз убагында толтурулушу класс жетекчилерге жүктөлсүн.
3. Окуучулардын жүрүм-турумун , сабакка катышуусун көзөмөлдөө ар бир класс жетекчиги жүктөлсүн.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Н.Б Сыдыгалиевага жүтөлсүн.

**Каралуучу төрүнчү маселе боюнча соц педагог З.М.Бейшекеевага сөз берилди:**

2021-2022 –окуу жылындагы биринчи жарым жылдыгында соц педагогдун аткарган иштери боюнча маалымдамасын окуду ( тиркелет)

**Сунуш:**

1.“Суицид” боюнча окуучулардын арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү, класстык саттарды өтүү.
2.Тарбияга оор балдар , аз камсыз үй бүлөөлөрдүн балдары менен иш алып баруу.
3.Миграннтын балдарынын үйлөрүн кыдыруу.

4.Кыз-балдар менен жакындан сүйлөшүп иш алып баруу.
5.Сабакка келбей жаткан окуучуларды администрацияга кабарлоо.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

1. Жаш өспүрүмдөрдүн арасында өзүнө-өзү кол салууну болтурбоо максатында класс жетекчилер класстык сааттарды өтүшсүн.
2. Мектеп окуучуларынын жүрүм-турумун көзөмөлгө алуу класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
3. Сабакка себепсиз келбей жаткан окуучуларды администрацияга билдирүү, жоопкечиликтүү иш алып баруу жагы класс жетекчилерге милдеттендирилсин.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Н.Б.Сыдыгалиевага жүктөлсүн.

**Каралуучу бешинчи маселе боюнча сөз мектеп директору А.Т. Мамункуловага берилди:**

**Угулду:** Урматтуу кесиптештер! 2021-2022-окуу жылына карата Кемин районундагы бардык мектептердин ичинен 100% аккредитациядан өтүш керек экен. Бул аккредитацияда 5 жылдык мектептин иши, документтери, уставы каралат. Ошондуктан 3- айдын ичинде бардык усулдук бирикменин жетекчилери администрация мүчөлөрү 5 жыл бою аткарган иш кагаздарынарды ирээттегиле! Ал эми мектептин уставы , мөөрү, энерго паспортун жаңылоо жагына чарба иштери боюнча директордун орун басары Толеева Г.К.экөөбүз жоопту болобуз.Ошондой эле жакын арада мектептин сайтын ачышыбыз керек. Бир мугалимди жоопту кылып дайындап, стим.фонддон айлык карап беришибиз керенк.

**Жарыш сөз:**

Мамункулова А.Т. : Мектеп сайтына жоопкерчиликтүү кылып информатик мугалим Самтурова К.С. көрсөтсөк туура болот.

Сатаркулова Г.А. : Биз жоопкерчиликтүү мугалимге берели.Себеби мектепте болуп жаткан бардык иш-чараларды өз убагы менен сайтка жүктөп туруу зарыл.

Кызыктыруучу фонддон А.Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектебинин бардык иш чараларын жетишкендиктерин сайтка салып туруу үчүн Самтуровага ай сайын 500 сомдон төлөп берүү сунушталды жана кабыл алынды.

Мектеп директору : Мектепти аккредитациядан өткөрүү үчүн төмөнкү комиссиянын мүчөлөрүн сунуштайм:

Комиссиянын төрайымы : А.Т.Мамункулова мектеп директору.
Комиссиянын мүчөлөрү:
Г.А .Сатаркулова – ОТИ боюнча директордун орун басары.

Г.К.Толеева – чарба иштер боюнча директордун орун басары

Н.Б.Сыдыгалиева – тарбия и.б.д.о.б.

Бейшекеева З.М. – Соцпедагог
Омуралиева Дж.А. – УК жетекчиси
Г.Б.Калыкова – профком

Осмоналиева А.А.-УБ жетекчиси

А.З.Казакова - УБ жетекчиси

К.А.Кожобаева -УБ жетекчиси

К.Р.Жетенбаев –Ильич айыл өкмөтүнүн башчысы
А.А Асанбекова – 11- кл бүтүрүүчүсү.

Ошондой эле кызыктыруучу фонддон 2022-жылдын январь айынан баштап ай сайын 500 сомдон табелди Г.А Сатаркуловага төлөө сунуштары кабыл алынды.

Жогорудагы сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

1. Кызыктыруучу фонддон ай сайын 500 сомдон табелди Г.А Сатаркуловага төлөө сунуштары кабыл алынсын.
2. Тарбия иштери боюнча директордун орун басары Н.Б.Сыдыгалиева А.Бакаев атындагы Ильич орто мектебинин өздүк сайтына мектептен ишин , жетишкендиктерин жүктөсүн.
3. Кызыктыруучу фонддон мектептин өздүк сайтына жооптуу мугалим К.С.Самтуровага ай сайын 500 сомдон төлөнүп берилсин.
4. Аккредитациядан өтүүгө документтерди даярдоо иштерине сунушталган эксперттик комиссиянын мүчөлөрү бекитилсин.
5. Мектептин администрациясына , усулдук кеңештин жана УБнын жетекчилерине 5 жылдык иш кагаздарын даярдоо милдеттендирилсин.
6. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директоруна жүктөлсүн.

1. **Ар кандай маселелер боюнча сөз мектеп директоруна берилди.**
   **Угулду:** Урматтуу кесиптештер кыргыз тил мугалими: З.М.Бейшекеева үзүрлүү эмгегин баалоо менен Кемин райондук администрациясынын Ардак грамотасына көрсөтүүнү сунуштайм. Онлайн окуу мезгилинде дагы бир катар видео сабактарды чыгарып жатты. Профком катары дагы мектептин мугалимдер жамааты менен биргелешип бир катар иш жасады.

   **Жарыш сөзгө:**
   Кыргыз тили мугалими Осмоналиева А.А.:ушунча жылдан бери эмгектенип грамота алганга татыктуу. Сунушту колдойм.

Жогорудагы талкуу сунуштардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

1. Кыргыз тили жана адабият мугалими Кемин райондук администрациясынын Ардак грамотасына көрсөтүлсүн.

2.Район тарабынан уюштурулган семинарларга, активдүү катышуу предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

3.Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп администрациясына жүктөлсүн.

**Мектеп директору :________________ А.Т.Мамункулова**

**Катчы :________________К.С.Самтурова**

# Протокол №4

## А.Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектебинин педагогикалык кеңешмесинин көчүрмөсү

25- март 2022-жыл.

Катышканы : 22

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

1. 3-чейректин жыйынтыгы
2. Начар окуган окуучулар менен иш алып баруунун жыйынтыгы.
3. Мугалимдерди сыйлоо.

**Кеңешменин жүрүшү:**

Мектептин директору педагогикалык кеңешмени ачып, каралуучу маселе менен тааныштырды.

**Каралуучу биринчи маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Сатаркулова Г.А сөз берилди.**

**Угулду :** 2021-2022-окуу жылынын 3-чейрегиндеги окутууну 11-январдан 19-мартка чейин созулду. Окутуу реалдуу шартта жүргүзүлдү.3-чейректе планга коюлган бардык иштер толугу менен аткарылды . декадалар өз убагында өткөрүлдү. 3-чейректин башында А.Бакаев атындагы Ильич жалпы билим берүү орто мектебинде бардыгы 239 окуучу , алардын 119 кыз балдар ,120 эркек балдар. Чейрек ичинде мектептен башка башка , башка мектептерге кеткендер бардыгы 3 окуучу кетти .ал эми башка мектептерден 3 окуучу келди. 22 окуучу “эң жакшы” деген баа менен ал эми 113 окуучу “жакшы” деген баа менен аяктады.2-чейрекке салыштырмалуу окуучулардын билим деңгээли көтөрүлдү. Жыйынтыгында жетүшүүсү 100%, билим сапаты 41%.Райондук олимпиададан 6 окуучу байгелүү орунга ээ болушту.
Маалымдама окулду.(тиркелет)

**Жарыш сөздөр:**

Мектеп директору : 3-чейректе 1-2-чейрекке салыштырмалуу өсүш болууда . Бирок бир дагы окуучу “2” деген баа чейрегине чыкпаптыр. Баары жакшы өздөштүрүп жатабы? УБнын жетекчилери ушул жагына көңүл бурсаңыздар! Бааны көтөрмөлөп коюу менен окуучулардын сабакка болгонт аркетин төмөндөтөбүз. Олимпиада боюнча 6-орун алды, бул жакшы көрсөткүч. Баардык мугалимдерге ырахмат.! Быйылкы окуу жылында эң жакшы көрсөткүч бердиниздер. 1-орун,2-орун, 3-орунга ээ болдук. Кесиптештер сандан сапатка өтөлү. Бизде мыкты, кесибин сүйгөн мугалимдер иштейт.

Усулдук кеңештин төрайымы Г.А.Сатаркулова : бул чейректин маалымдамасы окулгандай эле бардык иштер пландын негизинде аткарылды. Предметтик мугалимдер аракет жасап окуучуларды даярдады. Бирок “эң жакшы” деген көрсөткүч бере албай жатабыз. Окуучуларды жакшылап даярдоо керек. Даярдоонун пландарын билүү зарыл деп ойлойм.

**Сунуш :**

1. Сабак өтүүдө көрсөтмө куралдарды ТСОну пайдалануу.
2. Декадаларды мындан дагы жакшы уюштуруу,өткөрүү.
3. УБнын жетекчилери йункционалдык милдеттерин так аткаруу.
4. Билим сапаты төмөндөп кеткен класстар менен иш жүргүзүү.
5. Предметтик мугалимдер класстык журналдардын туура толтуруу жана электрондук күндөлүк менен дал келүүсүн кароо.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

1. Предметтик мугалимдер сабак өтүүөдө ар кандай ыкмаларды пайдалануу менен , жаңы технологияларды колдонуп сабакты мыкты денгээлде өтүүсү милдеттендирилсин.
2. Предметтик декадаларды мындан дагы жакшы уюштуруу УБнын жетекчилерине жүктолсүн.
3. УБнын жетекчилери өз милдеттерин так , жоопкерчиликтүү аткарсын.
4. Билим сапаты төмөндөп кеткен класстар менен иштер күчөтүлсүн.
5. Ар бир предметтик мугалимдерге класстык журналдарды өз убагында таза, так толтуруу жана электрондук күндөлүккө чейректтик баалар коюу жагы жүктөлсүн.
6. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Г.А.Сатаркуловага жүктөлсүн.

**Каралуучу экинчи маселе боюнча тарбия иштери боюнча директордун орун басары Н.Б.Сыдыгалиевага сөз берилди.**

**Угулду :** 3-чейрекке коюлган иш –чаралар кл.жет менен чогуу уюшулуп өткөрүлдү. "Манас жаштары" уюму менен бирдикте мектептин тазалыгы, жүрүм – туруму текшерилип турду. Класстарда дезин каражаттар бар . Окуучулар сабакка маска кийбөөгө уруксат берилди.

**Жарыш сөздөр:**

Мектеп директору: А.Т. Мамункулова бардык мугалимдер класстык сааттардын планы жазылып, класстык сааттар өтүлүп жатабы?

Н.Б.Сыдыгалиева – ооба ачык сааттар , класстык сааттар өтүлдү. Класстык журналдар , протоколдор жазылды . кл . жет ,окуучулар класстын тазалоосун жакшы тазалабай жатат. Айрым кл.жет бир катар оозеки эскертүүлөр берилди.

**Сунуш :**

1. Планга коюлган иш чараларды жана ачык сабактарды, о.э берилген тапшырмаларды өз убагында жоопкерчиликтүү аткаруусу.
2. Окуучулардын сабакка кечикпей келүүсүн көзөмөлдөө.
3. Окуучулардын окуу куралдарын китептерин сабакка толук алып келүүсүн көзөмөлдөө.
4. Класстын эстетикалык көрүнүшүн , дезинфекциялык каражаттарын туура пайдалануу.

   Жогорудагы айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

1. Планга коюлган иш – чаралар , райондон келген, мектеп администрациясы тарабынан берилген тапшырмалар өз убагында жоопкечиликтүү аткарылсын.
2. Окуучулардын сабакка кечикпөөсү класс жетекчилер көзөмөлдөнсүн. Кыздар кеңешинин ишин текшерүү жүргүзүлсүн.
3. Окуу китептерин күнумдүк жүгүртмө менен алып келүүсүн, таза сакталышын класс жетекчилер камсыздасын.
4. Мектепте, класстарда бардык санитардык-гигиеналык эрежелер аткарылсын.
5. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө Н.Б.Сыдыгалиевага жүктөлсүн.

**Каралуучу үчүнчү маселе боюнча мектеп директору А.Т.Мамункулова сөз берилди.**

**Угулду:** Ошентип 3-чейректин жыйынтыктары менен дагы тааныштык . Эми жалпы мектеп кызматкерлеринин алдында өтө чоң сыноо турат. Бул мектептти аккредитациядан өткөрүү. Бардык УБнын жетекчилери, мектеп администрациясы , профком, соц педагог болуп буга чейинки 5 жылдык докуметтерди ирээттеп жатабыз. Ошондуктан ар бирибиз бири-бирибизге жардам берели.Ар бир жылдарды салыштыруу менен талдоо жүргүзгүлө. Ар бириңиздер өз функционалдык милдеттериңиздерди так аткарсаңар эле , иш алдыга жылат. Апрель айында бизди өтө чон жумуштар күтүп жатат.

Профком Г.Б.Калыкова :Чындыгында бул чоон сыноодон мектеп жамааты биргеликте бири-бирибизге көмөк көрсөтүү менен өтүүбүз керек. Мунун баары биз иштеп эле жүргөн иш.

Жогорудагы айтылгандардын негизинде кеңешме чечим кылат.

**Чечим :**

1. Мектептин аккредитациядан өткөрүү үчүн өзүн –өзү баалоо жүргүзүүну боюнча иш кагаздарын мектептин сайтына киргизилсин.
2. Ар бир УБнын, админисрациянын мүчөлөрү өз функционалдык милдеттерди так аткаруу менен иш жүргүзүлсүн.
3. Эксперттик комиссия иш кагаздарынын өз мөөнөтүндө бүтүрүлүшүн камсыздалсын.
4. Чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө мектеп директоруна жүктөлсүн.

**Мектеп директору : А.Т.Мамункулова**

**Катчы : К.С.Самтурова**